# ЖЫЛКЫ ЫЛАҢДАРЫН ДАРЫЛООНУН ЭЛДИК ЫКМАЛАРЫ

**САРГАШКАЕВ Э.А.**
biblionsu@rambler.ru

Кыргыздардын экстенсивдүү мүнөздөгү көчмөн жана жарым көчмөн мал чарбачылыгы көптөгөн кылымдар бою тарыхый калыптанган башкы кесиби болгон. Төрт түлүк малга таянып чарба жүргүзүү жылдын төрт мезгилинде тең бел чечпей түйшүктөнүп мал артынан жүрүүнү талап кылган. Кыргызстандын түндүгүндөгү бийик тоолордун географиялык абалы, климаты кескин болгондугуна байлныштуу анын өрөөндөрүндө мал багуу жаратылыштын ар кандай катаал сыноолоруна туш болуп турган. Кар калың жааган узакка созулган кыштын ызгаарлары кээ жылдарда жаздын моюнунун узарышы, малдын ирденүүсүно тоскоол болуп “жуттар” менен коштолуп турган. Төрт түлүк малдын оторлорунда мал ылаңдары дагы кездешпей койгон эмес.

Кыргыздар XIX кылымдын экинчи жарымына чейин атайын илимий зооветеринардык эмдөөлөрдү, дарылоолорду жүргүзүшпөсө дагы, өздөрү алдыларына салып айдап жүргөн төрт түлүк малдын ылаңдарын аныктоону, аларды элдик ыкмалар менен дарылоону көп кылымдык мал багуу тажырыйбаларынан улам үйрөнүп, өздөштүрүп келишкен. Мал ылаңдарынын алдын алуу максатында көчмөн-малчы кыргыздар Теңирге, ата-бабалардын арбактарына, мал пирлерине, журт-жайыт ээлерине, мазарларга арнап курмандык чалышып, баабедин-түлөө өткөрүшүп сыйынып турушкан. Мал майларынан жыт чыгарышып, арча түтөтүшүп малдын башын жана короо-жайларын аластап турушкан. Кыргыздардын диний ишенимдеринин көпчүлүгү мал чарба культуна тиешелүү жана анын басымдуу бөлүгү малчылыкка арналган ырым-жырымдар.

Белгилүү окумуштуу-этнограф С.М.Абрамзон өзүнүн изилдөөлөрүнө таянып “Кыргыздарда жер суу кудайы жөнүндө түшүнүк абдан исламдашкан болсо да алар алтайлыктар менен хакастардын диний ишенимдеринин жалпы белгилерин сактап калышкандыгын көрүү кыйын эмес. Курмандык чалуу менен бирге өткөрүлө бардык магиялык ырым-жырымдардын өзгөчөлүгү толук түрдө “жердеги” турмуш-тиричилик менен байланыштуу болгондугунда, алар баарыдан мурда, курчап турган жер жаратылышынын ресурстарын, жер менен сууну пайдаланууга негизделген мал чарбасы менен дыйканчылыктын керектөөлөрү менен шартталган ырым-жырымдар болуп саналат” деп баса белгилеген.

XX кылымдын экинчи жарымына чейин кыргыздар өзгөчө касиет катары мал-жан ылаңдаган аймактарга чоң манасчыларды алдырып, манас айттырып ырымдашкан. Эл арасынан жыйнаган Алыкул Осмоновдун кол жазмасынан: “Илгери ”Манас” жомогу жалгыз кана чер жазуу жыргалдыгы эмес, ал кээ бир бактысыздыктарда касиеттүү курал катары колдонулган экен, Сагымбай Манас айтып кеткен жердеги мал оорулары, адам оорулары жоголуп, төрөбөгөн аял төрөчү экен...”. Элдин оозунда ушул күнгө чейин макталып жүргон кадимки Келдибек деген манасчы Кочкордогу Осмон деген кишинин үйүно келип Манас айтыптыр. Ошондо ылаң баскан малдар, ооруган адамдар эртеси эле айыгып кетиптир. Ошол Осмон деген киши карыганча бала көрбөптүр, Келдибек Манас айтып кеткенден кийин эле аялынын боюна бүтүп, андан Суна деген бала туулуптур, ал Суна кийин эң карып өлүптүр (“Балачак газетасы, №4., ноябрь 2005. Манас жөнүндө легендалар”).

Кыргыздар жылкы арасында кездешкен ылаңдарды элдик ыкмалар менен дарылоону жана алдын алууну кулун кезинен эле башташкан. Жылкы ылаңдарынын бири бээлердин **кулун салышы.** Бээлердин көпчүлүгү жайдын толук мезгилдеринде айгырдан токтойт. Жылкы кулун түйүлгөндөн баштап тогуз ай көтөрөт. Бээлер байкоолорго караганда кеч күздө жана жаз айларында **кулун салат**.

Күзгүсүн семиз бээлер сүрдүгө айдалып тердегенде же көпкө камалып туруп ачка болгондо, башка жылкы тээп жибергенде бээлер кулун салат. Жазгысын жут болуп, тоют жетишпей калып, арык болуп калган убакыттарда, айрыкча байтал бээлер кулун салат. Чоң ана бээлер оңой менен кулун салбайт, алар өздөрүнүн тукумун сактоо боюнча өтө сак табигый инстинкттерге ээ болот. Кыргыздар жылкынын кулун салышына карата аларды арыктыктан сактап кошумча тоюттандыруудан башка жол жок экендигин билишкен. Ошондуктан бул ылаңды кудайдан келген оору катары көрүшүп “Жылкы кулун салбайт, кудай колун салат” деп коюшкан. Бээнин кулун салышын жамандыка жорушкан. Жылкынын чандасы кана кыш тууйт, көпчүлүгү жазында төлдөйт. Төл мезгилдеринде арык жана байтал бээлерден туулган кулундар жатындын ак челин тебе албай, дем албай калып зыянга учурайт. Жылкычылар төл мезгилинде жылкынын артынан калбай ээрчишип, жаңы туулгандан кийин кулундардарга жатындын ак челинен чыгышына жардам беришип бат дем алып кетиши үчүн тумшугун сыгып, кулак-мурдун үйлөшкөн. Кыргыздардагы “тумшугун сыгып туудурган ак малым эле” деген сөз ошондон калган. Энеси арык жана байтал бээнин кулундары **“кара туңгагын**” туңгактай алган эмес. Ошондуктан мындай кулундарга жазгы жылкынын төлүнө деп атайын сакталган койдун куйругунан майда туурап кулундун оозуна салып жедирип оозандырган. Куйрук жедирүү кулундардын кара туңгагын туңгактоого жардам берген. Кулун туңгактабаса өлүп калат. Жылкычылар начар туулган кулундарды энеси менен бөлүп 5-6 күн көзөмөлдөп багышкан. Айрым убакыттарда кулундар “**кош киндик**” болуп туулат. Бул табигый ылаң. Мындай учурда кулун тирүү эле туулат бирок 2-3 суткага жетпей өлүп калган. “**Кош жыныс**” же “**кызтеке**”. Бул табигый ылаң, кулун тирүү туулат, кадимкидей эле чоңоё берет. Бирок кыргыздар мындай кулундарды желеге байлабай “байланбас” кылып жабагы мезгилинде эле союп жешкен.

**Сакоо** – тай-кунандарда, кээде чоң жылкыларда кездеше турган ылаң. Жылкынын тамак бездери шишип ириңдейт, мурдунан маңка куюлат. Жылкы сакоо ылаңы менен ылаңдаганда алманы туурап жемге кошуп беришкен.

**Жылкынын бити** – жылкынын ылаңы катары тай-кунандар биттейт. Бул ылаңдын алдын алуу үчүн кыргыздар 1-2 эки жаштагы тай кунандарды кылдап, жал-куйругун кыркышкан. Себеби тай-кунандар биттебей салкын оттоп, бат эт алыш үчүн кыркуунун кереги бар экендигин билишкен. Кыргыздардын салты боюнча эркек тай-кунандардын көкүлү, жалы, ыйык жалына чейин кыркылып, малдын сээрине жакын “ыйык жалы” калтырылган. Ыйык жалы уул балдар тай-кунандарга мингенде кармап минүү үчүн калтырылган. Куйругунан чычаңынын жогорку бөлүгү бир сөөм тазаланып кыркылган. Куйругунун учу кыркылган эмес, анткени “малдын ырыскысы кесилет” деп коюшкан, кыркуу эркек тай-кунандардын чычаңын биттен жана “бөкөн курттан” сактаган. Ургаачы тай-кунан байталдардын көкүлү калтырылып, жалы ыйык жалга чейин, куйругу чычаңы кыркылбастан, чычаңдан төмөн бир карыш куйрук кылдары шайбырланып кесилген. Тай-кунандар биттеген мезгилдерде чекендинин же четиндин өрттөлгөндөн кийинки күлүн малдын жал куйругунун, жүндөрүнүн арасына себишкен.

**Колу түшүү** – тай-кунандар аксап мүдүрүлүп ылаңдайт. Жаш булчуңдары ката элек тай кунандарды ылдый-өйдөгө салып кыйнап катуу мингенден улам жылкынын колунун астыңкы кечирлери жыйрылып калгандан болот. Кечири ооругандыктан мал аксап бат баттан мүдүрүлүп калат. Кыргыздар бул ооруну атайын дары менен дарылашкан эмес. Бирок колу түшкөн тай-кунандарды эки айга чейин минбей агытып жиберген убакытта айыгып кеткен. Бышты жана чоң аттардын мүдүрүлгөнү айыксын дешип, кышкысын бир-эки ай кар тептиришкен.

**Ууру тиш** – жылкынын азуусунун капталына кошумча тиш чыгып жылкыны арыктата турган ылаң. Бул оору менен кунан-быштылар ылаңдайт. Кыргыздар бул кошумча чыккан тиш түнкүсүн узарып жылкынын оттоосуна тоскоол болуп оорута турган ашыкча тиш экендигин байкашып “ууру тиш” деп аташкан. Эл арасында атайын жылкынын ууру тиштерин чагып сууруп ала турган адис адамдар болушкан. Алар жылкыны жыгып буттарын байлап, оозун

кемээчтеп ачып табылгыдан жасалган, атайын башы ичкертилген узуну бир карыш болгон жыгач сапты ууру тишке такап балка менен омура чаап тишти алып салышкан.

**Жылкынын тишөөсү** – кунан-быштылар ооруй турган табигый көрүнүш. Бул мезгилде үч жашка толук толгон жылкынын маңдайкы сүт тиштери түшүп, ордуна жаңы тиштин өсүп жаткан мезгили болот. Бул убакытта толук кандуу оттой албай чычкаактап арыктай баштайт. Жылкынын тишеп жаткандыгын байкаган ата-бабаларыбыз жылкыны кошумча тоюттандырышып же оттуу жерлерге убактылуу минбей агытып жиберишкен. Атайын дары менен дарылашкан эмес.

**Ташыркоо** – кунан-быштылар жана туягы жука чоң аттардын таштак жолдордон, тоо-таштардан мүжүндөп баса албай аксап калышы. Эл арасында така чаап жасап, атайын аттарды такалай турган адис адамдар “такачылар” болгон, мындай адамдар азыр деле айылдарда бар. Жылкы таштак жерлерди көп баса элек жаш болсо, же туягы жука болсо, же туягынын астындагы туранын чор эттери өсүп кеткен убакытта ташыркайт. Ат ташыркабасын үчүн аттарын темир такалар менен такалап келишкен. Мисалы: эпостордо “жибектен үртүк жаптырган, болоттон така кактырган” саптар кездешет. Атты такалоо чоң чеберчиликти талап кылат. Така аттын туягына чактап жасалат. Атты такалоодон мурун туяктарын жибитүү максатында сууга же суу болгон саздак жерге байлап коюшкан. Атты кермеге аса байлап, туяктын астындагы чор тура эттерин жакшылап кесип тазалап, туяктын така жата турган кырларын бычактын же дүрпүнүн жардамы менен така тегиз жаткандай кылып тегиздеп анан така урулат. Така уруп жатканда, таканын мыгын, таканын ичиндеги сөөгү, турага тийгизбей уруу керек. Урулган мык туралап калган болсо, ат аксап калат, кээ бир такалаганды билбей ката кетирген учурларда ат биротоло майып болуп, аксап мингенге жарабай калышы мүмкүн.

Кыргыз жылкыларынын ичинен такыр тубаса ташыркабаган, чыдамкай сом туяк аттар кездешет. Мындай жылкыларды такалап кереги жок. Ата-бабаларыбыз мындай касиети бар жылкыларды “дулдул” деп атап коюшкан. Мисалы: “Ташка салса талбаган, ташыркап баспай калбаган” (“Манас” эпосу).

Пайдаланылган адабияттар:


1. Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи - Ф., 1990
2. Абрамзон С.М. Кыргыз жана Кыргызстандын тарыхы боюнча тандалма эмгектер. –Б., 1999
3. Баялиева Т.Ж. Доисламское верование и их пережитки у кыргызов. -Ф., 1972
4. Каада-салттар. Ак баталар . Эл адабияты сериясы. -Т.29. -Б., 2003
5. Этносоциальные и этнокультурные процессы в Кыргызстане с древнейших времен до наших дней. – Б., 2007. – 388с.
6. АТД. №4 Ат-Башы району
7. АТД. №5 Нарын району
8. АТД. №6 Тоң району